DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2024-59-127-134
УДК: 811.512.154 (07)

***Шейшенова П.***, *магистрант*
*e-mail: mirat.ermat1825@gmail.com*
*ORCID: 0009-0000-3454-539X*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ТЕКСТТИН ЖАРДАМЫ МЕНЕН ОКУТУУ ТУУРАЛУУ

*Кыргыз тилин окутуу – эң негизги бөлүмдөрдүн бири. Бул бөлүмдө эне тилин үйрөтүүнүн ыкмалары, методдору, милдет-максаттары жана мааниси так аныкталып, илимдин бул тармагы лингвистика, педагогика жана психология илимдери менен тыгыз байланышкан, анткени окутуу жана тарбиялоо иши дайыма эриш-аркак жүргүзүлөрү жалпыбызга маалым. Бүгүнкү күндө мамлекетибиздин орто мектептеринде, анын ичинде башталгыч класста кыргыз тилин окутууда эң маанилүү милдеттер коюлууда. Алсак, окуучулардын ой жүгүртүүсүн, ойлоо логикасын, активдүүлүгүн калыптандыруу, окутуунун*

*жаңы ыкмаларын, жолдорун иштеп чыгуу, сабак өтүүнүн илимий жана методикалык деңгээлин жогорулатуу сыяктуу негизги милдеттер турат. Бул милдеттерди ишке ашыруу менен катар эле, кыргыз тилин башталгыч класстарда окутуунун мазмунун, методдорун, окутуунун каражаттарын азыркы талаптарга ылайык иштеп чыгуу зарылдыгы туулду. Кыргыз тилин кенже класстын окуучуларына үйрөтүүдө анын теориялык маселелерине, тилдин грамматикасына негизги басым жасалбай, анын практикалык жагына: окуучуларды адабий тилдин нормасында туура, сабаттуу жазууга жана көркөм, мазмундуу сүйлөөгө үйрөтүү, кебинин бай жана ырааттуу болуусуна жетишүү негизги маселе экендиги талашсыз. Ошондуктан бул макалада козголгон ой-пикирлер бүгүнкү күндүн талабы десек болот.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *башталгыч класстар, кыргыз тили, текст, кеп, интерактивдүү ыкмалар, тексттин мазмуну, тил, сөздүк.*

***Шейшенова П.,*** *магистрант*
*e-mail: mirat.ermat1825@gmail.com*
*ORCID: 0009-0000-3454-539X*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## ОБ ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ С ПОМОЩЬЮ ТЕКСТА

*Преподавание кыргызского языка является одним из важнейших разделов. В этом разделе четко определены методы, задачи, цели и значение обучения родному языку. Эта отрасль науки тесно связана с науками лингвистикой, педагогикой и психологией, поскольку все мы знаем, что обучение и воспитание - это всегда осуществляется гармонично. Сегодня в преподавании кыргызского языка ставятся важнейшие задачи в средних школах нашей страны, в том числе в начальной школе. Например, основными задачами являются формирование мышления, логики мышления, деятельности учащихся, разработка новых методов и способов обучения, повышение научно-методического уровня преподавания. Наряду с реализацией этих задач возникла необходимость разработки содержания, методов и средств обучения кыргызскому языку в начальных классах в соответствии с современными требованиями. Нет сомнения, что при обучении кыргызскому языку младших классов основное внимание уделяется не его теоретическим вопросам, грамматике языка, а практической стороне: научить учащихся правильно, грамотно писать по нормам литературного языка, а также говорить выразительно и содержательно, чтобы добиться богатой и логически связанной речи. Поэтому можем отметить, что затронутая тема – это вызовы современности.*

***Ключевые слова:*** *начальные классы, кыргызский язык, текст, речь, интерактивные методы, текстовое содержание, язык, словарь.*

***Sheishenova P.,*** *master's student*
*e-mail: mirat.ermat1825@gmail.com*
*ORCID: 0009-0000-3454-539X*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol, Kyrgyzstan*

## ABOUT *LEARNING* THE KYRGYZ LANGUAGE USING TEXT

*Learning the Kyrgyz language is one of the most important departments. In this section, the methods, tasks, goals and importance of learning the mother tongue is clearly defined, and this field of science is closely related to the sciences of linguistics, pedagogy, and psychology, because we all know that learning and education are always carried out in harmony. Today, the most important tasks*

*are set in the learning of the Kyrgyz language in the secondary schools of our country, including the primary school. For example, the main tasks are to shape students' thinking, thinking logic, activity, develop new teaching methods and ways, increase the scientific and methodical level of learning. Along with the implementation of these tasks, there was a need to develop the content, methods, and means of learning the Kyrgyz language in primary classes in accordance with current requirements. There is no doubt that in learning Kyrgyz language to junior grade students, the main focus is not on its theoretical issues, grammar of the language, but on its practical side: to teach students to write correctly, literately according to the norms of the literary language, and to speak artistically and meaningfully, to achieve a rich and coherent speech. Therefore, it is not wrong to say that the ideas raised in this article are today's demand.*

***Keywords:*** *primary classes, Kyrgyz language, text, speech, interactive methods, text content, language, dictionary.*

“Текст” (лат. textus) деген сөздүн өзү “материал”, “биригүү”, “чырмалышуу” дегенди түшүндүрөт.

Текст жалпы маданияттык көрүнүштөгү категория болуп саналат. Ошондуктан текстти философия, логика, психология, этнография, эстетика, лингвистика, адабият таануу, стилистика сыяктуу жана башка көптөгөн илимдердин салаалары ар тараптан иликтөөгө алышат. Чындыгында эле, кандай гана текстти албайлы, анда адам баласына мүнөздүү логикалык, психологиялык, философиялык, стилистикалык мүнөздөгү жагдайлар, сөзсүз, болот. Бул жагдайлар тексттин жалпы маданияттык наркын жана табиятын аныктап турат. Демек, текст жогоруда аталып өткөн жагдайлардын гармониялуу тутумунда гана адамдар үчүн кандайдыр бир мааниге ээ болуп, кызмат аткара алат.

Текст – көп кырлуу, системалуу, түзүлүшү боюнча татаал, бүтүндүктөгү, болгондо да адамдардын ортосундагы маалымат алмашууну тейлеп турган негизги категория болуп саналат. Ошондуктан текстти изилдөө көп аспектилүү, комплекстүү мүнөздө болгондо гана максатка шай келет. Ошондо гана тексттин нагыз табияты аныкталат. Тактап айтканда, текстти нукура, таза тилдик (лингвистикалык) негизден гана толук таанып билүүгө мүмкүн эмес. Анткени текстте тилдик көрүнүштөрдөн сырткары, стилдик, логикалык, психологиялык, философиялык, коммуникативдик, этномаданияттык көрүнүштөр кошо жарыш активдүү катышта болушат да, алар бири-бирине таасирин тийгизип, тексттин маанилик-структуралык жана мазмундук маалыматтык көп түрдүүлүгүн түзүшөт. Албетте, тексттеги мына ушундай көп жактуу көрүнүштөрдү эске албайын, анын табиятын толук таанып билүүгө мүмкүн эмес.

Биздин түшүнүгүбүз боюнча, текст таануу – маалымат алмашуу ишмердигин иш жүзүнө ашыруучу бирдик катары текстти ар тараптуу, системалуу жана комплексттүү изилдөөгө алган илимдин бир тармагы. Текст таануунун изилдөө объектиси – текст. Ал эми анын изилдөө предметинин бири – тексттин жана метатексттин уюшулуш механизмдерин, мыйзам ченемдерин, каражаттарын аныктоо, тексттин уюшулуш табиятын иликтөө. Текст – маалымат алмашуунун маанилик, логикалык, психологиялык, философиялык жана тилдик структуралардан турган көп кырлуу, татаал бирдиги жана кубулушу. Бул кубулушту үйрөнүү, биринчиден, адамдын маалымат алмашуудагы чыгармачыл ой жүгүртүүсүн аңдап билүүдө чоң мааниге ээ болсо, экинчиден, адам өзүнүн көмүскөдө катылып жаткан, ачыла элек мүмкүнчүлүктөрүн таанып билүүдө чоң мааниге ээ. Текстке болгон кызыгуу – адам табиятына болгон кызыгуу. Анткени адамдын руху, ой-санаасы, көркөм же турмуштук көйгөй маселелери дайыма тексттик түрдө жана мазмунда туюндурулат. Демек, текст

адамдын сүйлөө учурундагы чыгармачыл ой жүгүртүүсүн чагылдырган көрүнүш катары адам табиятынын бир кырын, бир сырын аныктап турат. Булар биз багыт алган тексттик изилдөөнүн тээ түпкү философиясы болуп саналат.

Т. С. Маразыков "Тексттин уюшулуш маселелери" деген эмгегинде текстте бир адам, окуя же предмет жөнүндө сөз болсо, анда сөзсүз түрдө, ошол сөз болуп жаткан темага, маалыматка, маалымат алмашуунун жагдайына жараша баяндалып жаткан нерсенин, предметтин табиятын ача турган тилдик каражаттар колдонула тургандыгын белгилейт. Маселен, текстте бир предмет жөнүндө сөз болот да, анын ар кандай сапаттары ачылып берилет, сүрөттөлөт. Натыйжада, ар түрдүү сапаттык өзгөчөлүктөрү бар бир нерсе жөнүндө маалымат алабыз. Мындай учурда сүрөттөлүп же баяндалып жаткан ошол предметке тиешелүү лексемалардын баары текстти уюштурууга катышат. [1, 45-50-бб.].

Белгилүү окумуштуу Ж. Чыманов тилдин колдонулушу тууралуу маалымат берүүнү тил жана кеп, кеп маданияты, стилистика, текст таануу сыяктуу маселелердин эң соңку мезгилге чейин кыргыз тил илиминде изилдебегендигин белгилөө менен, тил, кеп жана текстти бирдиктүү система катары алып, кыргыз тилин окутуунун башкы принциби катары сунуштайт [8, 142-144-бб.] Окумуштуу Н. Бийгелдиева "тил" жана "кеп" терминдери бири-бири менен тыгыз байланышта жана "кеп ишмердүүлүгү", "текст", "тексттин мазмуну", "тексттин мааниси" сыяктуу түшүнүктөр менен өз ара карым-катышта экендигин, ошондуктан "тил жана кепти бири-бири менен гана эмес, кеп ишмердүүлүгү, текст жана тексттин мааниси менен да биргеликте кароо керек", - деп белгилейт. [2, 13-б.]. Текст дидактикалык бирдик катары башталгыч класстарда кыргыз тилин текстке байланыштуу үйрөтүүдө эки маанилүү багытты бириктирүүгө мүмкүнчүлүк берет:

1) тилдин теориялык маселелерин үйрөтүү;

2) коммуникативдик компетенцияларын калыптандыруу.

Кыргыз тилин текстке байланыштуу окутуу процессинде интерактивдүү ыкмаларды пайдалануу, интеграцияланган сабактарды өтүү, предмет аралык байланыштарды ишке ашыруу окуучулардын негизги жалпы жана предметтик компетенцияларын калыптандыруу иш-аракети менен карым-катышта жүргүзүлсө, окуучулардын билим деңгээлин жогорулатууга, билим, билгичтик, көндүмдөрүн турмушта пайдалана билүүсүнө шарт түзөрү айдан-ачык. Педагогикалык адабияттарда предметтер аралык байланышка көптөгөн аныктамалар берилген, анын педагогикалык баасы тууралуу ар кандай ой-пикирлер жана түрдүү классификациялар кездешет. Авторлордун көбү предметтер аралык байланышты дидактиканын шарты деп аныкташканы менен, бул шартты ар бир автор ар башкача түшүндүрүшөт. Мисалы, Ф. Соколова: "Предметтер аралык байланыш окуу процессинин эффективдүүлүгүн өнүктүрүүнүн дидактикалык шартынын ролун аткарат", - дейт [7, 135-б.] Кээ бир окумуштуулар: "Предметтер аралык байланыштар бир курстун логикалык мазмунунан, түшүнүктөрүнөн, белгисинен туруп, башка курстун предметинде чагылдырылышы" же "Предметтер аралык байланыш – окутуу дисциплиналарынын мазмунунда жаратылышта объективдүү иш-аракет жасаган жана учурдун илими менен таанылган диалектилик өз ара байланыштын чагылдырылышы", - деп аныктама берип келишет.

Башталгыч класстарда эне тили сабагы мекен таануу, математика, музыка, адеп сабактары менен байланыштырып окутулуп келет. Алсак, Мекен жөнүндө, анын

жаратылышынын кооздугу жөнүндө, географиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндө материалдар Мекен таануу сабагы менен, улууларды урматтоо, ызаттоо, адамгерчилик, адептүүлүк жөнүндөгү тексттердин мазмуну адеп сабагынын материалдары менен окшош.

Башталгыч мектепте эне тили боюнча уюштурулган ар бир сабакта окуучунун чыгармачылыгын арттыруу максатын көздөп ой жүгүртүп, сүрөт тартуу, дене кыймылдарын жасатуу жана музыканын коштоосунда ырдатуу аркылуу эс алуу мүнөттөрүн уюштуруу ыкмалары пайдаланылат.

2-3-4-класстарда кыргыз тилин окутуу адабий окуу, музыка сабактары менен карым-катышта ишке ашырылат. Адабий окуу китебинен тексттерди алып, андагы сөздөрдүн лексикалык жана грамматикалык маанисине талдоо жүргүзүп, алардын маанилерин аңдашат. Мугалим предмет аралык байланышты ишке ашыруу үчүн интеграцияланган сабактарды уюштура алат. Мисалы, кыргыз тили менен адабий окуу сабагынын, кыргыз тили менен мекен таануу сабагынын материалдарын бириктирип окутуу шартка ылайык. Сөз түркүмдөрүн окутуп-үйрөтүүдө адабий окуу китебиндеги текстти, же мекен таануу окуу китебиндеги текстти пайдаланып, ал тексттердин негизинде тема боюнча көнүгүүлөрдү иштетүү менен, предмет аралык байланыш жүргүзүлөт. Окумуштуу Т. Федорец: “Окуучулардын илимдүүлүгү, мобилдүүлүгү, дүйнө таануучулук потенциясы предмет аралык байланышты түзө билүүсүнөн көз каранды”, - деп баса белгилейт. Окуучулардын өз алдынчалуулугу предмет аралык байланыштарды аныктап, ишке ашырууда мугалимдин максатка багыттап иштөөсүнүн натыйжасында калыптанат жана төмөнкүлөрдү камсыз кылат:

- окуучулардын өтүлгөн теманын негизги жоболорун жана окуу предметинин негизги идеяларын аныктоо билгичтигин өнүктүрүүнү;
- предмет аралык синтездин окуу ишмердүүлүгүндө кандай болсо, келечек практикасында негизги өндүрүштүк, социалдык жана илимий маселелерди ишке ашырууда дагы ошондой эле зарылдыгын жана маанилүүлүгүн окуучулардын аңдап билүүсүн; кеңири предмет аралык негизде теманын жана жалпы дисциплинанын түйүндүү жоболорунун окуу материалдарын үйрөтүүнү уюштуруу боюнча билгичтигин өнүктүрүүнү ж. б. Предметтерди байланыштырып окутуу проблемасына дүйнөлүк окумуштуу-педагогдор абдан көп көңүл буруп келишкен. Алсак, белгилүү педагог Ян Амос Коменский грамматиканы философия менен байланыштырып окутуу керек деп келсе, Джон Локк тарых менен географияны байланыштыруу керектигин баса белгилеген. Кыргыз тилин башка предметтер менен байланыштырып окутуу, жогоруда белгиленгендей, окуучулардын билим деңгээлин жогорулатат жана бул предметтен алган билгичтигин экинчи предметти өздөштүрүүдө пайдалана билүүсүн өнүктүрүүгө, башкача айтканда, алардын негизги компетентүүлүгүн калыптандырууга өбөлгө түзөт. Мисалы, кыргыз тилинин материалдарын текстке байланыштуу үйрөтүүдө тексттин мазмунуна талдоо жүргүздүрүү, текст боюнча көнүгүү-машыгуу тапшырмаларын аткаруу иш-аракеттерин адабий окуу сабагы менен тыгыз байланышта ишке ашырат. Мисалы, 4- класста “Тил. Кеп. Текст”, “Кептин түрлөрү” аттуу темаларды өтүүдө “Ата-эне туурасында бир эки ооз сөз” тексти пайдаланылат:

**Ата-эне туурасында бир эки ооз сөз**

*Бардыгынан сүйүктүү биздин ата-энебиз. Ата-энебиз бизди төрөлгөндөн баштап багып чоңойткон. Атабыз биз үчүн кышында суукка тоңуп, жазында ысыкка*

*күйүп, мал багып келсе, энебиз ак сүтүн эмизип, ысык-суукtан сактап, “кагылайын, каралдым” деп бапестеди. Ата-энебиз биз чоңоюп, эс кире баштаган соң, балам үлгүлүү жана билимдүү болсун деп, билим берди. Алар дайыма биздин билимдүү болушубузду чын көңүлү менен тиледи. Ар дайым бизге жакшы үмүт-тилек, насаат айтып, чыныгы адам болууга багыттады. Ошондуктан аларга жакшы кызмат кылып, иренжитпей, баталарын алуубуз керек.*

**Сөздүк:**

каралдым – үмүтүм, таянычым (баланы эркелетүүдө айтылат);

иренжитпей – көңүлүн чөктүрбөй, капа кылбай.

1-көнүгүү. Тексттен ата-эне тууралуу сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

2-көнүгүү. Макалдын маанисин чечмелеп, жазуу кебин түзгүлө.

«Ата – аскалуу тоо,
Эне – боорундагы булак,
Бала – ортосунда жанып турган шам чырак».

3-көнүгүү. Накыл сөзгө оозеки кепти уюштургула.

“Ата-энеңди сыйласаң, өз балаңдан сый көрөсүң”.

4- көнүгүү. Макалдарды көчүрүп жазгыла. Маанисин чечмелегиле.

1. Ата сыйлаган абийир табат, эне сыйлаган элге жагат.
2. Балдары жакшы болсо, ата-эненин кабагы жарык,
Балдары жаман болсо, ата-эненин кабагы салык.

5- көнүгүү. Суроолорго жооп бергиле:

- Тексттин автору жөнүндө эмне билесиңер?
- Ал ата-эне жөнүндө эмне дейт?
- Ата-эненин ак эмгегин актоо үчүн эмне кылуу керек?

6- көнүгүү. Өз ата-энеңер жөнүндө аңгеме жазгыла.

Эне тилин окутууда окутуунун интерактивдүү ыкмаларын пайдалануу окуучулардын жалпы жана предметтик компетентүүлүгүн калыптандырууда зор мааниге ээ.

Мугалимдин сабакка кылдаттык менен ар тараптан даярдык көрүүсү окуучуларга сапаттуу, туруктуу билим берүүсүнүн башкы шарттарынын бири экендиги талашсыз. Бул үчүн мугалим грамматикалык материалдарды так пландаштырып алуусу шарт. Ар бир сабакты пландаштыруудан мурда куррикулум менен, анда кыргыз тили сабагына коюлуучу негизги талаптар менен, силлабустагы темалардын көлөмү, мазмуну менен таанышат.

Грамматикалык материалдардын пландаштырылышы окуучулардан белгилүү гана эрежелерди, аныктамаларды гана талап кылбастан, орфографиялык эрежелерди билүүнү да талап кылуу зарыл экендигин баса белгилейт. Орфографиялык сабаттуулук – көнүгүү-машыгуу иштерин ырааттуу жүргүзүү менен ишке ашырыла турган татаал процесс. Ошондуктан грамматикалык темаларды пландаштыруу учурунда жазуу эрежелерин үйрөтүүгө да жетиштүү убакыт бөлүнөт. Пландаштырууда жаңы теманы үйрөтүү мезгилинде окуучулардын өткөн сабактарда алган билимдерине таянуу керектигин эстен чыгарбоо зарыл. Окуучулардын мурда өздөштүргөн билимдери менен жаңы ала турган билимдеринин ажырагыс байланышта айкалыштырылышы грамматикалык материалдарды терең билүүгө шарт түзөт. Мисалы, сөздөрдү ташымалдоону үйрөтүүдөн мурда сөздөрдү муунга ажыратуу боюнча билимдерге, сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрүн туура ажыратуудан мурда, сүйлөмдүн ээ, баяндоочу

жөнүндөгү алган билимдерине таянууга болот.

Окуучуларга теманы түшүндүрүүдө аларга материалды жеткиликтүү берип, анын эрежесин курулай жаттатуудан качуу керек. Орустун улуу педагогу К. Д. Ушинский грамматикалык эрежелерди маанисине түшүнбөстөн курулай жаттап алууга каршы туруп, тилдик фактыларды аң-сезимдүү түрдө кабыл алуу менен эске тутуу керек экендигин белгилеген. Грамматикалык эрежелер канчалык аң-сезимдүү кабыл алынган болсо, ошончолук балдардын көңүлүндө бекем сакталат. «Эреже дегенибиз, - дейт профессор Е. Н. Петрова, - бул тилдик материалдарга жүргүзүлгөн байкоодон келип чыккан илимий корутунду: оозеки жана жазуу речинин практикасына түздөн түз максаттуу багытталган жыйынтык болуп эсептелет». Изилдөөчү В. Мусаева: "Кыргыз тилин окутуу жалаң эле эреже, аныктамалардын жыйындысын окутууну максат кылбастан, тилди, кепти окуучулардын социалдык-рухий, кептик-коммуникативдик, өз алдынчалуулук, өз ой-пикирлерин ар кыл чөйрөлөргө ылайык оозеки, жазуу жүзүндө жеткиликтүү, далилдүү баяндай алуу көндүмдөрүн калыптандыруучу сабакка айлануусу зарыл", - деп белгилейт. Окуучу грамматикалык эрежелерди жана аныктамаларды курулай жаттап албастан, сезимдүү түрдө түшүнүү аркылуу өздөштүрүүгө тийиш, тилдин фактыларын салыштыра билип, өзгөчөлүктөрүн, окшоштуктарын ажырата билүүгө, эң негизгилерин бөлө билүүгө, корутундулай алууга тийиш.

Окумуштуу Ф. Н. Бунаков окутууда эрежелерди грамматиканы өздөштүрүүнүн тартибин сактоонун зарылчылыгын төмөндөгүчө белгилеген:

- грамматикалык эреже окуучулардын өздөрү тарабынан мугалимдин жетекчилиги мисалдарды талдап, түшүнүүдөн келип чыккандай болсун;
- өтүлүүчү грамматикалык эрежелер оозеки жана жазуу жүзүндө жүргүзүлгөн көнүгүүлөр менен бекемделгендей болсун;
- окуучулар грамматикалык эрежелерди жана терминдерди жаттап алуу менен гана чектелбестен, өтүлгөндөрдү эске салып, аларды толуктоо аркылуу кабыл алгандай болсун [3, 115-б.].

Окуучулардын грамматикалык эрежелерди аң-сезимдүү кабыл алышына жетишүү үчүн мугалим тарабынан ар кыл методикалык ыкмалар пайдаланылат.

Улуу педагог К. Д. Ушинский окуучунун ой жүгүртүү жана кабыл алуусуна салыштыруунун зор мааниге ээ болорун баса белгилеген: «Салыштыруу – таанып билүүнүн жана ой жүгүртүүнүн негизи, ошондуктан ал дидактикада олутуу ыкмалардан болууга тийиш» [6, 332-б.].

Салыштыруу ыкмасы менен иштөөдө төмөнкүдөй ырааттуулуктун олушу зарыл: биринчиден, салыштырыла турган сөздөр бөлүнүп алынып, андан кийин алардын сүйлөмдөгү орду, мааниси, кайсы сөздү жандап тургандыгы, кандай суроого жооп бергендиги аныкталат жана бири бирине салыштырылат, тагыраак айтканда, алардын ортосундагы окшоштуктар жана айырмачылыктар көрсөтүлүп, жыйынтык чыгарылат.

Эне тилинен терең жана бекем билим берүүдө грамматикалык талдоонун ыкмасынын да мааниси зор. "Талдоонун негизинде окуучулардын ой жүгүртүүсү активдештирилип, алар өз бетинче иштөөгө машыгышат. Методикалык жактан туура уюштурулган талдоо окуучулардын илимий грамматикалык кругозорун өстүрүү менен бирге аларды грамматикалык көрүнүштөрдү жаңылбай ажырата билүүгө үйрөтөт" [4, 9-б.] Жогоруда көрсөтүлгөндөй, сөздөрдүн кандай суроого жооп бергендигин, кайсы

мүчөнүн жардамы менен жасалгандыгын ажыраттыруу аркылуу ал сөздөрдүн грамматикалык өзгөчөлүктөрүн терең өздөштүрүп, аларды жаңылбай аныктоого машыгышат. Орус окумуштуусу К. Д. Ушинский: "Бизде ар качан колдонулуучу грамматикалык талдоо өзүнөн-өзү эле эң жакшы көнүгүү болуп саналат", - деп талдоого зор маани берген [3, 354-б.].

Эне тилин текстке байланыштуу окутууда грамматикалык талдоолорду жүргүзүүнүн мааниси эбегейсиз. Окуучулар айрым сөздөрдүн маанисин ачууда, аны уңгу жана мүчөгө ажыратууда, тексттин мазмунун туура, так айтып берүүдө грамматикалык талдоолорду жүргүзүү аркылуу өздөштүргөн билим, билгичтиктерин, тилдин грамматикалык түзүлүшүнөн, сөздөрдүн байланыштарынан пайдаланышат.

Жыйынтыктап айтканда, текстке байланыштуу кыргыз тилин окутуу өз ичине изилдөөчүлүк, проблеманы чечүүчүлүк максаттарды камтыган инсанга багытталган окутуу менен байланышта жүргүзүлөт. Мында окуучуларга жоопкерчилик көбүрөөк жүктөлгөндүгүнө байланыштуу, окутуу процессинде материал мыкты өздөштүрүлүү менен катар, мугалим окуучуларды колдоо менен аларга багыт берип, окуучулар бири-бири менен баарлашып, турмуштук кырдаалдарга байланышкан диалогдорду түзүп, суроо-тапшырмаларды, көнүгүү-машыгуу иштерин аткарууга активдүү катышат. Натыйжада өздөрүнүн таанып-билүүчүлүк көндүмдөрүн, ойлоосун, кебин, эне тили боюнча сабаттуулугун калыптандырышат.

**Адабияттар:**

1. Анапияева, А. А. Көркөм стилдеги тексттер тууралуу [Текст] / А. А. Анапияева, А. Абдылдаева, Ж. Сыдыкова // Вестник Иссык-Кульского университета. - 2022. - № 52. 2-б. - 45-50-бб. - EDN DSCRIX
2. Ахматов, Т. К. Жалпы тили илими [Текст] / Т. К. Ахматов. - Фрунзе, 1986. - 44-б.
3. Актуальные проблемы культуры речи [Текст]. - М.: Просвещение, 1970.
4. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / Ред. Э. Абдулдаев, Д. Исаев. - Фрунзе: Мектеп, 1969. - 77-б.
5. Мусаев, С. Ж. Тексттин коммуникативдик структурасы : филол. илимд. докт. … дисс. [Текст] / С. Ж. Мусаев. - Бишкек, 2000. - 338 б.
6. Соколова, Ф. Межпредметные связи в обучении [Текст] / Ф. Соколова. - М.: Просвещение, 1983.
7. Чокошева, Б. Башталгыч класстарда кыргыз тилин текстке байланыштуу окутуунун технологиясы [Текст] / Б. Чокошева. - Бишкек, 2017.